**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору, доцент Абдалиева Гульзада Кошоевна Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча "Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы" деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын кол жазмасын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:**

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациялык ште 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктеринин паспортуна толук жооп берүүчү Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы изилденген.

**2. Иштин максаты катары -** Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык байланыштарынын өнүгүүсүнүн тарыхый жолун талдоо менен бирге, уюмдун өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүн жана тенденцияларын ачып көрсөтүү эсептелинет.

Диссертацияда коюлган максат төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Диссертациялык изилдөөнүн көйгөйлөрүнүн изилдениш деңгээлин аныктоо (I бап) ;
2. Изилдөөнүн булактаануусун типологиясы жана мааниси боюнча аныктоо (II бап, II бөлүм);
3. Маданий-гуманитардык кызматташуунун концептуалдык негиздерин жана укуктук-ченемдик базасын талдоо (III бап, I бөлүм);
4. Кыргыз Республикасынын ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий кызматташтыгынын негизги аспектилерин жана көйгөйлөрүн аныктоо (III бап, II бөлүм);
5. Билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагында Кыргызстандын ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен интеграциялык процесстерин изилдөө (IV бап, I бөлүм);
6. Шанхай кызматташтык уюмунун университетинин түзүлүшүнүн зарылдыгын жана ишмердүүлүгүн мүнөздөө (IV бап, II бөлүм);
7. Учурдагы көп полярдуу мезгилде ШКУнун Жаштар кеңешинин стратегиялык маанисин жана ишмердүүлүгүн аныктоо (IV бап, III бөлүм).

Коюлган милдеттерге ылайык максатка жетүү үчүн илимий ишти жазууда коомдук илимдердеги теориялык жана методологиялык ыкманы, саясат таануу жана эл аралык мамилелерди изилдөөчү илимий методологиялык ыкмаларын, кырдаалды талдоо жана экспликативдик

ыкмаларын колдонгон. Аталган ыкмалар өнөктөш өлкөлөр менен мамилелерди, ШКУга мүчө мамлекеттер менен болгон көп тараптуу жана эки тараптуу маданий-гуманитардык мамилелерин изилдөөдө жана тиешелүү тыянактарды чыгарууда колдонулган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Маданий-гуманитардык кызматташтык – мамлекеттердин маданият, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, маалыматтык технологиялар, спорт, массалык маалымат каражаттары (ММК), туризм, жаштар чөйрөсү ж.б. тармактардагы кызматташуусу болуп саналат. Ошол эле учурда, «маданий-гуманитардык саясат», «маданий дипломатия» жана «жумшак күч» сыяктуу факторлор диссертацияда маданий-гуманитардык кызматташуунун максаттарына жетүүнүн натыйжалуу куралы катары каралууда. Анткени, мажбурлоо саясатына караганда жагымдуу жүргүзүлгөн саясаттын негизинде маданий-гуманитардык багыттагы иш-чаралар көбүрөөк ишке ашырылып, өз ара түшүнүшүү жана сый-урмат мамилелерин калыптандырат.

Ааламдашуу шарттарында мамлекеттин ички жана тышкы саясаты, эл аралык аренадагы экономикалык багыттагы кызматташтыгы менен тең катар маданий-гуманитардык багыттагы кызматташуу да артыкчылыктуу мааниге ээ. ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык кызматташтыгы 23 жылдын ичинде зор тажрыйбага ээ болду жана Евразия мейкиндигиндеги жашаган элдер менен мамлекеттердин ортосунда өзүнүн кадыр-баркын жана таасирин кеңейтти.

**3. Илимий натыйжалар:**

Иште тарых илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык өз ара мамилелерин Кыргызстан менен ШКУнун мүчө өлкөлөрүнүн ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташтык жылдарындагы ШКУнун расмий сайттарындагы укуктук-ченемдик документтери жана Кыргыз Республикасынын президентинин архивинин материалдары талдоого алынып, системалаштырылган. (III бап, I жана II бөлүм) жана (IV бап, I жана II бөлүм).

3.2. Түрк, япон жана башка тилдердеги адабияттардын жардамы менен Кыргызстандын уюмга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык кызматташтыктарынын артыкчылыктуу багыттары катары саналган илим, билим берүү чөйрөлөрү иликтенип, уюмдун Жаштар Кеңешинин алкагындагы кызматташуу талдоого алынган. (IV бап, I, II жана III бөлүм).

3.3. Диссертациялык иште ШКУнун электрондук сайтынын архивдик материалдары, Кытай Эл Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин, Россия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинин интернет сайттарындагы материалдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Маданият, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, Туризм департаментинин, Саламаттыкты сактоо министрлигинин расмий аналитикалык маалыматтары, Улуттук Статистика

комитетини жана айрым ведомстволордун расмий маалыматтары, Кыргызстандагы белгилүү аналитиктеринирн пикирлери илимий айлампага киргизилген. (III бап, I жана II бөлүм) жана (IV бап, I, II жана III бөлүм).

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Илимий иштин ар бир бабындагы негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар Ата Мекен тарыхы, ШКУнун тарыхы, жалпы тарых, азыркы эл аралык мамилелер менен дипломатиянын тарыхы сыяктуу көйгөйлөрдү изилдөөдө, интернеттик дарстарды даярдоодо, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө пайдаланууга болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Изденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы" деген темадагы диссертациясынын автореферата Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына толугу менен жооп берет. Автореферат кыргыз жана орус тилдеринде даярдалган, диссертациянын мазмунуна дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

**6. Эскертүүлор:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде чет жерден келген студенттер боюнча статистикалык маалыматтар бар, ошол маалыматтарды кошуусу шарт;
2. Адабияттарды жобо боюнча ирээтке киргизилүүсү зарыл.

**7. Сунуштар:**

1. Илимий иштин IV бабынын I бөлүмүнө Кыргызстандын ЖОЖдорундагы Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө мамлекеттеринен келип окуган студенттер жөнүндө маалымат берилүүсү зарыл.

**8. Сунуштамалар:**

1. Жетектөөчү мекеме катары: К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетин
2. Расмий оппоненттер катары: Тарых илимдеринин доктору, профессор Акылбек Джуманалиевди жана тарых илимдеринин доктору, доцент Абдалиева Гульзада Кошоевнаны сунуштайм.

**9. Корутунду:**

*1-корутунду.* Кыргызстандын ШКУ алкагындагы маданий- гуманитардык кызматташтыгын үч этапка бөлүп көрсөткөн; (III бап, I бөлүм)

*2-корутунду.* Изилдөөнүн булактаануусун типологиясы жана мааниси боюнча аныкталган; (II бап, II бөлүм)

*3-корутунду.* "Шанхай кызматташтык уюмунун сегиз керемети" маданий багыттагы маанилүү тармак – дүйнөлүк, улуттук экономиканын өнүгүшүнө, эл аралык мамилелерди чыңдоого, мамлекеттер ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө кошкон салымы изилденген. (III бап, II бөлүм)

*4-корутунду.* Учурдагы болуп жаткан ааламдашуу процесстеринин доорунда улуттук баалуулуктарды сактоо жана тарыхый эстеликтерди коргоо көйгөйлөрү каралган; (III бап, II бөлүм)

*5-корутунду.* Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы мүчө мамлекеттер менен болгон билим берүү жана илим багытындагы алакаларына изилдөө жүргүзүлгөн. (IV бап, I жана II бөлүм)

**10.** Изденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы" деген темадагы диссертациясы Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык жазылган.

Документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Шаршенбек кызы Айперинин "Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы" деген темадагы диссертациясын ачык коргоого сунуш кылам.

**Эксперт,**
**тарых илимдеринин доктору** **Абдалиева Г. К.**

**Диссертациялык кеңештин экспертинин**
**колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т. и.д. Карыева А.К.